# Кол менен жана машинелик ыкма менен колдонуу үчүн PLITONIT S12 минералдык шыбак

PLITONIT Plitonit Deutsche Qualität

**ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ**




20 кг

- ✓ **Бекемдөөчү булалар менен күчөтүлгөн**
- ✓ **Кол менен жана машине менен колдонуу**
- ✓ **Пневмотранспорттук түтүм менен көтөрүүгө мүмкүн**
- ✓ **Жарака түшүүгө туруктуу**
- ✓ **Нымга туруктуу**

## Шыбактын катмары

## 2-70 мм

Башка тилдеги нускаманы жүктөп алуу/
Download the manual in another language
kz | az | uz | tj | kg | tm | am | ge | mn

### Колдонуу тармагы

| | |
|---|---|
| **Каптоонун түрлөрү** | |
| Керамогранит | + |
| Полимер шпаклевкасы | + |
| Туш кагаздар | + |
| Цемент шыбагы | — |
| Гипс шыбагы | + |
| Боёогонго даярдоо үчүн | — |
| **Негиздин түрлөрү** | |
| Бетон, темир-бетон | + |
| Цемент шыбагы, цемент суу өткөрбөөчү катмары | + |
| Гипс шыбагы | — |
| Кыш | + |
| Газ-блок, керамзит-блок, пеноблок | + |
| **Жумуштун багыты** | |
| Орточо ымдуулуктагы бөлмөлөр | + |
| Нымдуулугу жогору бөлмөлөр | + |
| Тышкы иштер (имараттын сырткы бети, цоколь ж.б.) | — |
| Бассейндер | — |

### Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| Толтургуч бөлүкчөлөрүнүн эң чоң өлчөмү | 0,63 мм |
| Эң ири бөлүкчөлөрдүн курамы | 1,5%дан жогору эмес |
| Шыбактын катмары | 2-70 мм |
| Суунун өлчөмү | |
| • 1 кг аралашмага | 0,27-0,33 л |
| • ● 20 кг аралашмага | 5,4-6,6 л |
| Аралашманын кыймылдуулугу 5 мүнөттөн кийин | 140-170 мм |
| Аралашманын кыймылдуулугу 40 мүнөттөн кийин | 120 мм кем эмес |
| Сууну кармап туруу жөндөмдүүлүгү | 95%дан кем эмес |
| Аралашманын ишке жарамдуулук мөөнөтү | 4 саат |
| 7 суткадан кийин кысууга карата аралашманын бекемдик чеги | 3 МПа кем эмес |
| 28 суткадан кийин кысууга карата аралашманын бекемдик чеги | 4 МПа кем эмес |
| Аралашманын ийилүүдө созулууга болгон бекемдигинин чеги (7 суткадан кийин) | 1,5 МПа кем эмес |
| Аралашманын ийилүүдө созулууга болгон бекемдигинин чеги (28 суткадан кийин) | 2,0 МПа кем эмес |
| Аралашманы бетон менен жабышуу күчү (7 суткадан кийин) | 0,3 МПа кем эмес |
| Аралашманы бетон менен жабышуу күчү (28 суткадан кийин) | 0,4 МПа кем эмес |
| Пайдалануу температурасы | +50°Ска чейин |
| Табигый радионуклиддердин салыштырмалуу натыйжалуу активдүүлүгү | 370 Бк/кг көп эмес |

### Негизди даярдоо

| | |
|---|---|
| 1 | Негизди кирден, чаңдан, майлардан, ошондой эле ажырап түшүп жаткан нерселерден тазалаңыз. |
| 2 | Иштерди жүргүзүүдөн мурун негиз зарыл болгондо PLITONIT кыртышы менен иштетилиши керек (кыртышты тандоо таблицасы төмөндө келтирилген) |

Негиз СП 71.13330.2017 талаптарына жооп берүүгө жана жетиштүү көтөрүмдүүлүк жөндөмүнө ээ болууга тийиш

ГКЛ, ГВЛ материалдарынан жасалган каркас түрүндөгү өзгөрмө келген негиздер (кутулар, тосмолор ж.б.) абдан катуу ээ болушу жана СП 163.1325800.20 талаптарына жооп бериши керек

**Кадимки нымдуулуктагы жайларда негизге жараша кыртыш тандоо**

| Негиздин түрү | PLITONIT Терең сиңүүчү кыртышы | PLITONIT 1 кыртышы | PLITONIT Бекемдөөчү кыртыш | PLITONIT БетонКонтакт |
|---|---|---|---|---|
| **Бетон, темир-бетон** | — | — | — | + |
| **Цемент шыбагы / суу өткөрбөс катмар** | + | 1:5 | — | — |
| **Кыш** | + | 1:5 | — | — |
| **Газ-блок, керамзит-блок, пеноблок** | + | 1:3 | + | — |

### Аралашманы даярдоо жана кол менен колдонуу

**Кургак аралашманы даярдоо үчүн ичүүчү суу түтүгүнөн алынган сууну колдонуу керек.**

**Аралаштыруу катышы: 1 кг кургак аралашмага 0,27–0,33 л суу талап кылынат (20 кг үчүн 5,4–6,6 л)**

| | |
|---|---|
| 1 | Кургак аралашманы аралаштыруу үчүн бөлмө температурасындагы суунун керектүү көлөмүн өлчөңүз |
| 2 | Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн суунун өлчөмүнө кошуңуз |
| 3 | Кургак аралашманы электр миксери же насадкасы бар электр бургу менен 2–3 мүнөт аралыгында бир тектүү масса алынганга чейин аралаштырыңыз*** |
| 4 | Аралашманы 5 мүнөт тыныктырып, андан кийин кайра аралаштырыңыз |
| 5 | Шыбак аралашмасын бетке кельма менен чачып же болот шпатель менен шыбап, андан соң тегиздегич, терка же шпатель менен тегиздеңиз |

*** айлануу ылдамдыгы 600 мүн/айл ашпоого тийиш

### Машиненин жардамы менен колдонуу

| | |
|---|---|
| 1 | Шыбак шайманын пайдалануу боюнча нускамага ылайык ишке даярдаңыз |
| 2 | Шыбак шайманынын аралашма берүүчү чубалгысын ичинен суу өткөрүп нымдап алыңыз |
| 3 | Кургак аралашманы кабыл алуу идишине салып, аралашманын туура көргөн коюулугуна жараша суунун агымын жөнгө салыңыз |
| 4 | Аралашманын «факелин» (багытын) жөнгө салыңыз |
| 5 | Аралашма бере турган тапанчаны дубалга тик кармап, андан болжол менен 30 см аралыкта кармоо керек. Аралашманы жогору жактан ылдый түшүп туурасынан кеткен тилкелер менен шыбаңыз, ар бир кийинки тилке мурункусун жаап тургандай болсун, ан үчүн жаңы тилкенин чачыраган бөлүгүнүн борбору мурунку тилкенин төмөнкү четине дал келүүсү шарт |
| 6 | Шыбалуучу катмардын калыңдыгын аралашма тапанчасынын жылуу ылдамдыгы менен жөндөңүз, ылдамдык канчалык төмөн болсо, катмар ошончолук калың болот |
| 7 | Шыбакты чачып бүткөндөн кийин, тапанчадагы аба чоргосун бекитип, шыбак куюлуучу түтүктү суу менен жууп салыш керек |

**«Машинелик ыкма менен колдонуу» бөлүмүнө кошумчалар**

| | |
|---|---|
| 1 | Аралашманы жогорку кабаттарга көтөрүү бийиктиги пневмотранспорттук берүүчү түтүмүнүн кубаттуулугу менен чектелет |
| 2 | Түтүм менен шлангдар толук тазалангандан кийин гана аралашманы пневмотранспорт менен көтөрүүгө болот |

### Жумуш аткаруунун шарттары

Иш жүргүзүлүп жатканда жана андан кийинки 3 сутканын ичинде абанын жана негиздин температурасы +5°Стан +30°Ска чейинки аралыкта болушу керек. Иш жүргүзүлүп жаткнада аралашманын температурасы +10°Стан +30°Ска чейин болушу керек.

### Көңүл буруңуз

Шыбак иштерин жүргүзүп жатканда СП 71.13330.2017 «Коргоочу жана жасалгалоочу жабуулар» талаптарына ылайык иш кылуу керек. Шыбактын бети тез кургап кетип жатса, алгачкы сутканын ичинде аны нымдап туруу керек. Тигиштер мүмкүн болушунча көзгө аз урунган жерлерге жайгаштырылышы керек Иште тыныккан учурларда шыбактын бүтпөй калган бетин (жабышчаак тасманын жардамы менен) курч кыр менен аяктоо керек. Иш жүргүзүп жатканда аралашманы мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу керек Даяр болгон аралашмага кошумча суу кошууга тыюу салынат. Көрсөтүлгөн мүнөздөмөлөр айлана-чөйрөнүн температурасы 20±2°С жана абанын салыштырмалуу нымдуулугу 60±10% болгон шартта жарактуу. Фиништик каптамаларды 7 суткадан кийин гана колдонууга болот. Керамикалык плитка менен каптоодон мурун негизди PLITONIT кыртышы же PLITONIT ГидроЭласт суу өткөрбөс мастикасы менен иштетүү керек. Нымдуу бөлмөлөрдө фиништик каптамасы жок колдонууга тыюу салынат.

### Сактык чаралары

- **Бул аралашма ГОСТ 12.1.007 боюнча кооптуулуктун 4-классына (көп кооптуу эмес заттарга) кирет**
- **Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек**
- **Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салуу керек**
- **БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!**

### Курамы

Гипс байлоочу материалдар, портландцемент, минералдык толтургуч, өзгөртүүчү кошулмалар, пуццолан кошулмасы, бекемдөөчү булалар

### Ташуу жана сактоо

Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак жайларда, таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон шарттарда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: ташуу жана сактоо шарттары сакталган учурда өндүрүлгөн күндөн тартып 12 ай

### Өндүрүүчүнүн кепилдиктери

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманын ГОСТ Р 58279-2018 жана ТУ 23.64.10-278-51552155-2024талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада жана СП 71.13330 эрежелер жыйнагында айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ 8.579-2001ге ылайык четтөөгө жол берилет. Өнүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилет (Аэфф < 370 Бк/кг; СанПиН 2.6.1.25.23-09 «Радиациялык коопсуздук нормалары (РКН 99/2009)» боюнча материалдардын I классы).

### Сарптоо

1 мм катмар калыңдыгында ~1,2 кг/м²

**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮ КОЛДОО КЫЗМАТЫ**

8 (800) 555 - 71 - 67

www.plitonit.ru

e-mail: info@mc-bauchemie.ru